**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

2024-жылдын 10-январынан № 4 Бишкек ш.

**«Климат Инжиниринг» ЖЧК тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер жөнүндө**

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрыдагы №193 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 30-ноябрындагы № 221 «Жылуулук энергиясына жана ысык суу менен жабдууга тарифтер жөнүндө» буйругуна ылайык, отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча комиссиянын 2024-жылдын 10-январындагы № 06/02 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам**:

1. 2024-жылдын 1-январынан тартып калк, бюджеттик, өнөр жай жана башка керектөөчүлөр үчүн «Климат Инжиниринг» ЖЧК тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер 1 Гкал үчүн 3 868,95 сом өлчөмүндө белгиленсин (салыктарды эсепке албаганда).
2. Ушул буйруктун тиркемесине ылайык 2024 – жылга «Климат Инжиниринг» ЖЧКтын пландуу техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү бекитилсин.
3. Жылуулук энергиясына тарифтерди белгилөө үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке берилген маалыматтардын толуктугу жана ишенимдүүлүгү үчүн жоопкерчилик «Климат Инжиниринг» ЖЧКтын директоруна жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту «Климат Инжиниринг» ЖЧКтын дарегине жөнөтсүн.

5. Маалымат-катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**